**Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңешинин кезектеги жыйынынын № 8 протоколу**

**2025-ж. 28.04.** **Ош шаары**

Төраганын орун басары – М.М. Былыкова

Катчысы – М. Нурмаматова

Катышкандар - ОСМКБнын адистери жана ОМК мүчөлөрү (катышуу барагы тиркелет)

**Күн тартиби:**

1. "ОшМУнун заманбап окуу басылмасы" конкурсунун жобосу тууралуу (М. Розыкова) (5 мүнөт)
2. Түзүмдөрдө ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу боюнча жобого ылайык иш алып баруу, сабактарга катышууну жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү (ОМК мүчөлөрү) (10 мүнөт)
3. Бүтүрүүчүлөрдүн (орто кесиптик, бакалавр, магистр) МАКтын суроо-тапшырмаларынын сапатына баа берүү, программанын ОНдоруна дал келүүсүн анализдөө (М.Нурмаматова) (10 мүнөт)
4. Аккредитациядан өтүүчү программалардын окуу-усулдук комплекстеринин сапатына мониторинг жүргүзүү (А.Парпиева) (10 мүнөт)

**1.Угулду: М.М. Былыкова -** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер? Бүгүнкү жыйындын күн тартибиндеги маселелер менен таанышсыздар. 1-маселе боюнча, Мавлюда Баратовнага сөз берерден мурда, бул маселенин келип чыгыш себебин айтып өтөйүн. Буга чейин окуу басылмасы боюнча конкурс илим бөлүмүндө өткөрүлүп келген. Былтыркы окуу жылындагы комиссиянын курамына иштеп, бул конкурсту өзүбүз өткөрүүнү туура деп эсептеген элек. Себептери көп. Анда бул конкурсту өткөрүү боюнча жобо тууралуу бөлүмдүн башкы адиси М.Б. Розыковага сөз берели. Андан кийин талкууңуздарга коёлу.

**Баяндамачы: Розыкова М.Б**. - Бул жободо төмөнкүдөй жалпы маселелер каралды. Окуу китеби, окуу-усулдук колдонмо ж.б. түрлөрүнө жалпы мүнөздөмө берилди. «ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсу университеттин профессордук-окутуучулук курамынын ишмердүүлүгүн жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, окуу процессин жаңы теориялык жана практикалык билимдерди камтыган заманбап окуу куралдары менен камсыздоо максатында өткөрүлөт. Конкурстун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

• басылып чыккан окуу китептеринин жана окуу куралдарынын сапатын жогорулатуу;

• ОшМУда жана башка басмаканаларда басылып чыккан окуу китептеринин жана окуу-усулдук колдонмолорунун мазмунунун жогорку жана орто билим берүүнүн заманбап талаптарына шайкештигин аныктоо;

• профессордук-окутуучулук курамдын бул жаатагы ишмердүүлүгүнө дем берүү.

Жобонун электрондук варианты ОМК группага ташталган, таанышкансыздар. Баштан-аяк баяндап берүүнү кажети болбосо керек. Суроо-жооп, талкууга өтсөк.

**1.Сөзгө чыкты:** Н. Шамшиева – Окуу басылмалар боюнча конкурстун биздин бөлүмгө өткөнү жакшы болуптур. Анткени багытыбыз бир. Жобо колдоо тапса, окутуучуларыбызга айтып катышууга чакырат элек.

**1.Сөзгө чыкты**: А. Кыдыкова – Конкурска жаңы басылмалар гана катышабы? Мисалы, ушул жылы жарык көргөндөр. Же мурунку жылдагы китептер да катышса болобу?

**Жооп: Розыкова М.Б. -** Акыркы 3 жылда чыккан, бирок башка конкурстарга катышпаган окуу китептери жана окуу-усулдук колдонмолор катыша алат.

**М.М. Былыкова**: Башка суроо-сунуш жок болсо, Мавлюда Баратовнанын билдирүүсү эске алынсын жана админкеңештин кароосуна сунушталсын дегендер кол көтөрүп коюңуздар. Баары – макул. Рахмат.

**2**. **Угулду**: М.М. Былыкова - Түзүмдөрдө ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу боюнча жобого ылайык иш алып баруу, сабактарга катышууну жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү боюнча ОМК мүчөлөрүнүн маалыматтарын угалы. Ар бириңиздерге 2 минута убакыт берели. Эгерде бирдей маалыматтар болсо, кайталап отурбай, өзгөчө жактарын белгилеп өтсөңүздөр болот.

**2. Сөзгө чыкты**: Мырзакматова О.Р. – Бизде өз ара сабактарга катышуу жакшы жолго коюлган. График боюнча иш алып барылат. Ар бир кафедрада тажрыйбалуу окутуучулардын сабактарына жаш окутуучулар катышышат. Мастер-класс, ачык сабактар өткөрүлүп турат. Алар сайттарга жайгаштырылат. Ал эми директордун демилгеси менен баалоо каражаттары боюнча атайын комиссия түзүлүп иш алып барылды. Баалоо, анын каражаттары, студенттин билимин баалоо боюнча баллдарды жайгаштыруу каралды. Кемчиликтер жоюлду. Протоколдор жазылды. Сайтка жайгаштырылды.

**2. Сөзгө чыкты:** Маликова Н.П. – ачык сабактар боюнча жана алардын өткөрүлүшү, уюштурулушу тууралуу слайд жасап келген. Тиркелет.

**2. Сөзгө чыкты:** Абдыкаарова Т.А. - Жылдын башында белгиленип, график боюнча өттү. Бизде 1 гана кафедра болгондуктан, Ар сабактан кийин анализ берилип, суроо-сунуштар талкууланат. Жыйынтыгында добуш берүү менен тандалып, конкурска жөнөтүлдү. Ар бир өз ара сабактарга катышуу боюнча атайын шаблон иштеп чыкканбыз, анкета жүргүзүп алабыз. Булар баары протоколдоштурулуп, сайтка жайгаштырылган.

**2. Сөзгө чыкты:** Мамазияева Э. – Биздин институтта жылдын башында ачык сабактардын графиктери бекитилет. Ошого ылайык ар бир окутуучу жылына 2 ирет ачык сабак өтөт. Алар кулактандыруу таштаганда, убактысы барлары баары катышып, сиздер айткандай тартипте талкуулар болот. Жаш окутуучуларга биринчи – кафедра башчылары, окутуучулар, андан кийин устаттары киришти. Андан кийин гана бөлүмдүн адистери чакырылып атат. Ага чейин кеп-кеңештер берилип, жаштар бир катар методикалык жардамдар алышты. Конкурс убагында да өз ара сабактарга катышуу кызуу жүрдү.

**М.М. Былыкова:** Баарыңыздарда маалымат ушундай таризде болсо, кайталабай эле маалыматтарды берип койсоңуздар. Протоколго тиркелет. Эмесе, түзүмдөрдө ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу боюнча жобого ылайык иш алып баруу, сабактарга катышууну жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү тууралуу ОМК мүчөлөрүнүн билдирүүлөр эске алынсын дегендер кол көтөрүп коюңуздар. Рахмат.

**3. Угулду**: М.М. Былыкова - Бүтүрүүчүлөрдүн (орто кесиптик, бакалавр, магистр) МАКтын суроо-тапшырмаларынын сапатына баа берүү, программанын ОНдоруна дал келүүсүн анализдөө маселеси баарыбызга тиешелүү. Анткени баарыбыз белгилүү бир программага иштейбиз. Ал эми бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик аттестациядан өткөрүүдө аларга түзүлгөн суроо-тапшырмалар сапаттуу болушу шарт. 4-5 жыл бою алган билимдерин демонстрациялап бериши үчүн, анын мазмуну ошол программанын ОНдоруна дал келүүсү, калыптандыруучу компетенцияларга жооп бериши кажет. Ошондуктан, биздин бөлүмдүн

башкы адиси жана методист-координаторлору бөлүмгө келген ар бир программанын сапатына анализ берип, оңдоого сунуштамаларды түзүмдүн жетекчилигине жөнөтүшөт. Бул боюнча маалыматты Мейликан Тагайбековна даярдаган, сизге сөз берели.

**Баяндамачы**: М. Нурмаматова - Бүтүрүүчүлөрдүн (орто кесиптик, бакалавр, магистр) МАКтын суроо-тапшырмаларынын сапатына баа берүү, программанын ОНдоруна дал келүүсүн анализдөө маселесине көңүлүңүздөрдү бурабыз. Программаларды кол коюп бекитүүгө алып келишет. Бирок бири да дароо өтпөйт. Жок дегенде титулунан ката кетиришет. Ал эми анын мазмуну, даярдалып жаткан адистиктин талаптарына жооп бериши тыкыр каралат. Көпчүлүк МАК суроо-тапшырмалары комплекстүү суроолордон тургандыктан, ар түрдүүлүккө жол берилип калат. Ушул сыяктуу типтүү каталар көп кездешет. Суроо-тапшырмалардын татаалдык деңгээли, көрсөтмөнүн тактыгы, берилишинин түшүнүктүүлүгү каралат. Квалификацияга ээ боло турган бүтүрүүчү болуп аткан соң, андагы тапшырмалар Блум таксономиясы боюнча жогорку деңгээлде болуусу шарт. Ал эми грамматикалык каталар, стилистикасы тууралуу сөз болушу мүмкүн эмес эле. Академиялык чөйрөдө эмгектенип аткандан кийин, баары орфографиялык, стилистикалык, грамматикалык катапарга жол берилбеши керек деп эсептейбиз. Төмөндө бөлүмгө келип түшкөн программалардын саны эсептелип чыкты. Жалпы университет боюнча 270 программа болсо, ушул күнгө чейин 91 гана программа каралып, макулдашылып, бекитүүгө жөнөтүлгөн. Апрель айынын акыры болуп атат. Июнь айынан МАК башталат. Ал бекитилип, сайттарга жайгаштырылып, бүтүрүүчүлөргө МАКка даярданышы үчүн алдын ала кеминде бир ай мурда берилиши керек. Ушул маселеге олуттуу карап, түзүмдөрдөгү программа жетекчилерге жеткирип барыңыздар. Бул таблицадагы маалыматтарга түзүмдөр боюнча анализ жүргүзүлгөн, таанышып чыгыңыздар. 100% эч бир программа алып келбеген. Ал биздин бөлүмгө түшкөндөн кийин да, эгер катасы болсо оңдоого кайтарылат. Убакыт кетет. Ошондуктан сиздер ушул маселени колго алып, программа жетекчилер менен бирге иштешиңиздер керек болуп жатат. Азырынча абал ушундай.

**МАК боюнча маалымат**

| № | Түзүм | Магистр | Бакалавр күндүзгү | Бакалавр сырткы | Баары | Бөлүмгө келгени |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | МФТИТ институту | 11 | 21 | 8 | 30 | 19 |
| 2 | ПИЖИ | 6 | 21 | 5 | 32 | 11 |
| 3 | ЭАББПЖМ | 2 | 13 | 1 | 16 | 6 |
| 4 | Теология факультети | - | 1 | - | 1 | 2 |
| 5 | Медицина факультети | - | 7 | - | 7 | 2 |
| 6 | Эл аралык медицина факуль. | 1 | 1 | - | 2 | 2 |
| 7 | Тарых-юридика интситуту | 6 | 4 | 3 | 13 | 6 |
| 8 | ФжМАК институту | 7 | 12 | 2 | 21 | 3 |
| 9 | Чыгыш таануу институту | 1 | 5 | - | 6 | 1 |
| 10 | ЭБжМ институту | 5 | 11 | 8 | 34 | 1 |
| 11 | Кыргыз-кытай факультети | 1 | 6 | - | 7 | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | ТТДТТжАТ институту | 7 | 13 | 8 | 28 | 15 |
| 13 | Арашан гуманитардык институту | 1 | 1 | | 2 | - |
| | **Баары** | **48** | **116** | **35** | **199** | 68 |
| | | **Колледжер** | | | | |
| | | | **11 база** | **9 база** | **Баары** | |
| 14 | STEM колледжи | | 10 | 10 | 20 | 9 |
| 15 | ФЮК | | 7 | 7 | 14 | 4 |
| 16 | ЭАББПК | | 5 | 4 | 9 | 5 |
| 17 | Өзгөн медколледжи | | 3 | 1 | 4 | - |
| 18 | ИПК | | 8 | 8 | 16 | 5 |
| 19 | Медициналык колледж | | 8 | - | 8 | 1 |
| | | **Баары** | **41** | **30** | **71** | 24 |
| | | **Жалпы** | | | 270 | 91 |

**3. Сөзгө чыкты**: М. Розыкова – МАК программасы бекитилмейинче, билеттин суроо-тапшырмаларын даярдабаш керек. Оңдоого берилгенде эки иш кылып убара болуп калып атышат. Ушуну айтып барыңыздар. Биз дагы мүмкүн болушунча программаны алып келген кишиге жеткирип атабыз. Бирок көбүнчө программа түзбөгөн лаборанттар келип атышат. Аларга айткан маалымат бузук телефондой болуп кээде толук жетпей калат. Ортодо түшүнбөстүктөр келип чыгат. Ал эми программаны түзгөн, аны иштеп чыгууга катышкан кызматкер келсе, ага МАК суроо-тапшырмаларын түзүү боюнча кеп-кеңештерди берип жөнөтөбүз.

**М.М. Былыкова**: МАК маселе жылда эле ушундай көйгөйлөр менен коштолуп атат. Мурда мынтип текшербей эле кол койдуруп кетишчү. Ошондуктан ар бир катага чоң маани берип атасыңар деген конфликттер келип чыккандыгына мен да күбө болуп калып жүрөм. Ар бир программанын астында программанын жана түзүмдүн жетекчиси кол коюп беришет. Алар окубайт. Толгон катасы болсо да карап коюшпайт. Кол коюлгандан кийин, документтин сапатына ошол кызматкер жооптуу болот. Ал эми оңдоп-түзөөгө берилген сунуштарды көрүп, ага сүйүнүп оңдоп келгендери да бар. Ошентип документ так болот эмеспи. Бул маселе ушул боюнча калбайт. Муну админге алып чыгып, тартипке келтиришибиз керек.

Эмесе, 3-маселе боюнча М.Нурмаматованын билдирүүсү эске алынсын жана МАК программаларынын сапаты жакшыртылсын дегендер добуш берип коюңуздар. Баары – макул. Рахмат.

**4. Угулду**: М.М. Былыкова - Урматтуу кесиптештер, ОшМУнун 2025-жылы аккредитациядан өтө турган программаларынын ишмердиги жана окуу-усулдук комплекстеринин сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча атайын комиссия түзүлүп, аларга буйрук чыкты. Ал эми анын ишин жүргүзүү үчүн график түзүлүп, ошол боюнча түзүмдөргө барып комиссия иштеп берди. Ушул комиссиянын ишин жыйынтыктап, бул маселени сиздердин назарыңыздарга коюп жатабыз. Анда сөздү Айсулуу Абдижалаловнага берели.

**Баяндамачы**: А.А. Парпиева – комиссия курамына бирдей шаблон аккредитациядан өтүүчү программалардын окуу-усулдук комплекстеринин сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча маселеде слайдга көңүлүңүздөрдү бурабыз. Бул төмөнкү презентацияда кеңири

берилди: https://www.canva.com/design/DAGkHHDcmQA/uUxzMV7IuIW5mCF78uvo8Q/edit
Окуу жыл башында ОСжМКбөлүмү тарабынан СИЛЛАБУС, СРСП, СРС, БКФнын макеттери берилгенине карабастан көпчүлүк ОУК эски үлгүдө жасалган, ПО курамдын ОУКтарды толук текшертпегендиги же (документтердин толук эмес же жоктугу), түзүмдөрдүн спецификасын эске алуу менен бардык ОУКтун материалдарын электрондук түрдө бекитилип, сайтка же тиешелүү папкага жүктөлбөгөндүгү, ОУКтарда ОНдордун так эместиги, грамматикалык каталардын көп учурашы, билим берүү программалардагы кредиттик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жаш окутуучуларга методикалык жардам жетишпегендиги, көпчүлүк окутуучуларда текшерүү учурунда документтер толук болбогондугу ж.б.у.с. көптөгөн көйгөйлөр аныкталды. Ал көйгөйлөрдү чечүү үчүн төмөнкүдөй сунуштар берилди:

- Аккредитация учурунда гана эмес,(эски ОУКтар да болду), дайыма кайтарым байланыш жүргүзүү.
- Адистикти эске алуу менен устат-шакирт жобосунун негизинде иш алып баруу
- Ар бир сабактын максаты, күтүлүүчү натыйжасы жана баалоо шкаласы ачык көрсөтүлгөн силлабустарды түзүү керек.
- Институтта ОУКтун төрайым же төрагасы окуу процессинин сапатына мониторинг жүргүзүп, анализдеп туруу.
- Окутуучуларга заманбап окутуу технологияларын жана ыкмаларын колдонууга методикалык жардам көрсөтүү.
- Окутуучулардын методикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча тренингдер жана семинарлар өткөрүү. Кайтарым байланыш жасоо ж.б.у.с.

**4. Сөзгө чыкты**: М. Нурмаматова – Мониторинг учурунда бир нерсе өзгөчө байкалды десек болот. Кайсы түзүмдүн ОМК төрайымы же төрагасы кандай иш алып барса, ошондой жыйынтыктар болду. Мисалы, медицина факультетинин кафедраларынын иш кагаздары, окуу-усулдук комплекстери бир кыйла системага салынгандыгы, баалоо критерийлери иштелип чыгып, СРСП түзүлгөндүгү анык болду. Ал эми кээ бир түзүмдөрдө бир кылка эмес, ал тургай эски документация менен жүргөндөрү да бар. Ошондой эле жумушчу программаны ОУКтарга тиркеп жүрүшөт. Ошондуктан сиздердин иш-аракетиңиздерди да күчөтүү зарылдыгы тургандай.

**М.М. Былыкова**: Кесиптештер, бул иш оңойго турган жок. Комиссиянын бардык мүчөлөрүнө ыраазычылык билдирем. Түзүлгөн график боюнча түзүмдөргө барып, ишти уюштуруп, сунуштарды, кеңештерди берип келишти. ПО курам тарабынан да, комиссиянын ишине ыраазы экендигин айтып, бир ооздон белгилеп атышты. Эми ошол кемчиликтер оңдолуп, кайсы агенттиктен өтсө да ОМК тууралуу маселе жаралбай тургандай даярдыкты көрсөтүш керек.

Эмесе, 4-маселе тууралуу А. Парпиеванын билдирүүсү эске алынсын. Анда көрсөтүлгөн кемчиликтер тез арада жоюлсун деген ОМК мүчөлөрү добуш берип коюңуздар. Баары – макул. Рахмат.

Ар түрдүү маселелер боюнча, адаттагыдай эле май айында редколлегияда 17 иш каралып, 15 өттү. Сиздердин назарыңыздарга ар бир ишти коем. Араңыздарда редколлегиянын мүчөлөрү бар, алар да карап беришти. (Таблица тиркелет) (Редколлегиядан өткөн 15 эмгекти ОМК мүчөлөрү бир добуштан колдоп беришти)

**Токтом кылынды**:

1. "ОшМУнун заманбап окуу басылмасы" конкурсунун жобосу тууралуу М. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын жана жобо админкеңештин кароосуна сунушталсын.

2. Түзүмдөрдө ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу боюнча жобого ылайык иш алып баруу, сабактарга катышууну жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү боюнча ОМК мүчөлөрүнүн билдирүүлөрү эске алынсын жана өз ара сабактарга катышуу жакшыртылсын.

3. Бүтүрүүчүлөрдүн (орто кесиптик, бакалавр, магистр) МАКтын суроо-тапшырмаларынын сапатына баа берүү, программанын ОНдоруна дал келүүсүн анализдөө боюнча М.Нурмаматованын билдирүүсү эске алынсын жана суроо-тапшырмалардын сапаты жакшыртылсын.

4. Аккредитациядан өтүүчү программалардын окуу-усулдук комплекстеринин сапатына мониторинг жүргүзүү тууралуу А.Парпиеванын маалыматы эске алынсын.

5.Окуу-усулдук адабияттарды басмага сунуштоо боюнча М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын жана Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төраганын орун басары: М. Былыкова

Катчы: М. Нурмаматова

**ОшМУнун 2025-жылы аккредитациядан өтө турган программаларынын ишмердиги жана окуу-усулдук комплекстеринин сапатына мониторинг жүргүзүүнүн графиги**

| № | Структуралар | Программалар | Деңгээли | Күнү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Медицина | Дарылоо иши | Специалитет | 18-19-март |
| | | Педиатрия | Специалитет | |
| | | Медико-профилактикалык иши | Специалитет | |
| | | Стоматология | Специалитет | |
| | | Фармация | Специалитет | |
| 2. | STEM колледжи | Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча) | Орто кесиптик билим берүү | 20-март |
| | | Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо | Орто кесиптик билим берүү | |
| 3. | ТТДТТАТИ | Туризм | Магистратура | |
| 4. | ПИЖИ | Педагогика | Магистратура | 24-март |
| | | Педагогика | Бакалавриат | |
| 5. | ЭАББПЖМ | Башталгыч билим берүү. Англис тили. | Бакалавриат | |
| | | Математика жана компьютердик илимдер | Бакалавриат | |
| 6. | Эл аралык медицина | Коомдук саламаттыкты сактоо | Магистратура | 25-март |
| 7. | ТТДТТАТИ | Дене тарбия | Бакалавриат | |
| 8. | Тарых-юридика институту | Социалдык - экономикалык билим берүү | Магистратура | 26-март |
| | | Социалдык - экономикалык билим берүү | Бакалавриат | |
| 9. | Чыгыш таануу | Чыгыш таануу, африка таануу | Бакалавриат | |
| 10. | ЭАББП колледжи | Чет тили | Орто кесиптик билим берүү | |
| 11. | ПИЖИ | Көркөм билим берүү | Магистратура | 27-март |
| | | Музыкалык эстрада искусствосу | Специалитет | |
| | | Журналистика | Бакалавриат | |
| | | Көркөм билим берүү | Бакалавриат | |
| | | Дизайн | Бакалавриат | |
| | | Костюм жана текстиль искусствосу | Бакалавриат | |
| 12. | МФТИТИ | Математика | PhD докторантура | 28-март |
| | | Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо | Бакалавриат | |
| | | Электроэнергетика жана электротехника | PhD докторантура | |
| | | Физика | PhD докторантура | |
| 13 | Өзгөн медициналык колледжи | Физикалык терапия | Орто кесиптик билим берүү | 31-март |

**2025-жылдын 28-апрелинде боло турган ОМКнын 8-отурумунун күн тартиби:**

1. "ОшМУнун заманбап окуу басылмасы" конкурсунун жобосу тууралуу (М. Розыкова) (5 мүнөт)
2. Түзүмдөрдө ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу боюнча жобого ылайык иш алып баруу, сабактарга катышууну жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү (ОМК мүчөлөрү) (10 мүнөт)
3. Бүтүрүүчүлөрдүн (орто кесиптик, бакалавр, магистр) МАКтын суроо-тапшырмаларынын сапатына баа берүү, программанын ОНдоруна дал келүүсүн анализдөө (М.Нурмаматова) (10 мүнөт)
4. Аккредитациядан өтүүчү программалардын окуу-усулдук комплекстеринин сапатына мониторинг жүргүзүү (А.Парпиева) (10 мүнөт)

Ар түрдүү маселелер

**ОСМКБнын жана окуу-методикалык кеңештин жамааты**

| № | Аты-жөнү | Институттар | Телефон № | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Былыкова Махабат Максатовна | Бөлүм башчы | 0558242322 | |
| 2. | Розыкова Мавлюда Баратовна | Башкы адис | 0550772563 | |
| 3. | Жээнбекова Гульмира Токтомаматовна | Методист-координатор | 0558898980 | |
| 4. | Нурмаматова Мейликан Тагайбековна | Методист-координатор | 0772077000 | |
| 5. | Парпиева Айсулуу Абдижалиловна | Методист-координатор | 0773064602 | |
| 6. | Бакытбек кызы Аэлита | Оператор | 0553434304 | |
| 7. | Абдусатар кызы Ширинай | Инспектор | 0222 009 205 | |
| 8.<br>9.<br>10. | Жумаев Нурбек<br>Мирзакметова Орозбүбү<br>Райымова Гулзаада | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | 0772 68 86 32<br>0755093515<br>0773491464 | |
| 11<br>12 | Ярматов Маматкадыр Осмонович<br>Дүйшөналы к Канымбү | ТТДТТАТ институту | 0774 71 75 62<br>0777 15 13 20 | |
| 13. | Турсунбаева Айнура Турдубековна | Медицина факультети | 0777 56 23 68 | |
| 14<br>15 | Таабалдиева Атыргүл Кичиковна<br>Мамазаиров Мирлан Латипович | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 0773 16 24 74<br>0990280016 | |
| 16 | Орозбаева Бактыкан Атантаевна | Тарых жана юридика институту | 0770357446 | |
| 17. | Базиева Алия Мансуровна | Эл аралык медицина факультети | 0550 40 06 04 | |
| 18. | Мамазиаева Эльмира Амановна | МФТИТ институту | 0773 44 30 16 | |
| 19. | Узакбаева Айнура Садыковна | Экономика, бизнес жана менеджмент | 0773 60 44 33 | |
| 20. | Адылбек кызы Айсулуу | Теология факультети | 0552 78 98 68 | |
| 21. | Абдыкаарова Турдукан Момуновна | Кыргыз-кытай факультети | 0773 78 24 88 | |
| 22. | Абылкасым уулу Канатбек | Чыгыш таануу институту | 0777162474 | |
| 23. | Шамшиева Нургүл Кубатбековна | Ош медициналык колледжи | 0778 59 11 37 | |
| 24. | Кыдыкова Айпери | Өзгөн медициналык колледжи | 0773 61 16 83 | |
| 25. | Раимбердиева Жаннат Курманбековна | ФЮК | 0771 03 08 78 | |
| 26. | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | ИПК | 0755 55 42 56 | |
| 28. | Киргизбаева Токтойайым Абдуллаевна | ЭАББП колледжи | 0553 039 316 | |
| 29. | Маликова Наргиза Пайзилдаевна | STEM колледжи | 0779 25 20 85 | |

## ОСМКБнын жана окуу-методикалык кеңештин жамааты

| № | Аты-жөнү | Институттар | Телефон № | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Былыкова Махабат Максатовна | Бөлүм башчы | 0558242322 | |
| 2. | Розыкова Мавлюда Баратовна | Башкы адис | 0550772563 | |
| 3. | Жээнбекова Гульмира Токтомаматовна | Методист-координатор | 0558898980 | |
| 4. | Нурмаматова Мейликан Тагайбековна | Методист-координатор | 0772077000 | |
| 5. | Парпиева Айсулуу Абдижалиловна | Методист-координатор | 0773064602 | |
| 6. | Бакытбек кызы Аэлита | Оператор | 0553434304 | |
| 7. | Абдусатар кызы Ширинай | Инспектор | 0222 009 205 | |
| 8.<br>9.<br>10. | Жумаев Нурбек<br>Мирзакметова Орозбүбү<br>Райымова Гулзаада | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | 0772 68 86 32<br>0755093515<br>0773491464 | онлайн<br><br>[illegible] |
| 11 | Ярматов Маматкадыр Осмонович | ТТДТТАТ институту | 0774 71 75 62 | |
| 12 | Дүйшөналы к Канымбү | | 0777 15 13 20 | |
| 13. | Турсунбаева Айнура Турдубековна | Медицина факультети | 0777 56 23 68 | онлайн |
| 14<br>15 | Таабалдиева Атыргүл Кичиковна<br>Мамазаиров Мирлан Латипович | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 0773 16 24 74<br>0990280016 | онлайн |
| 16 | Орозбаева Бактыкан Атантаевна | Тарых жана юридика институту | 0770357446 | |
| 17. | Базиева Алия Мансуровна | Эл аралык медицина факультети | 0550 40 06 04 | |
| 18. | Мамазиаева Эльмира Амановна | МФТИТ институту | 0773 44 30 16 | |
| 19. | Узакбаева Айнура Садыковна | Экономика, бизнес жана менеджмент | 0773 60 44 33 | |
| 20. | Адылбек кызы Айсулуу | Теология факультети | 0552 78 98 68 | онлайн |
| 21. | Абдыкаарова Турдукан Момуновна | Кыргыз-кытай факультети | 0773 78 24 88 | |
| 22. | | ЭАББПЖМ | | |
| 23. | Абылкасым уулу Канатбек | Чыгыш таануу институту | 0777162474 | |
| 24. | Шамшиева Нургүл Кубатбековна | Ош медициналык колледжи | 0778 59 11 37 | |
| 25. | Кыдыкова Айпери | Өзгөн медициналык колледжи | 0773 61 16 83 | онлайн |
| 26. | Раимбердиева Жаннат Курманбековна | ФЮК | 0771 03 08 78 | |
| 27. | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | ИПК | 0755 55 42 56 | онлайн |
| 28. | Киргизбаева Токтойайым Абдуллаевна | ЭАББП колледжи | 0553 039 316 | |
| 29. | Маликова Наргиза Пайзилдаевна | STEM колледжи | 0779 25 20 85 | |